| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН** |
| **ЫРДЫК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**ЫРДЫК АЙЫЛ КЕНЕШИ** | | **ЫРДЫСКОГО АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ЫРДЫКСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**ЫРДЫК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИНИН XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШТЫН КЕЗЕКТЕГИ 1-СЕССИЯСЫНЫН**

# ТОКТОМУ

**"_21__"_январь_____2023 №__3___** **Алкым айылы**

**Ырдык айыл аймагынын Ырдык айыл өкмөтүнүн "2022 – жылдын жергиликтүү бюджетинин аткарылышы, 2023- жылга бюджетин бекитүү жана 2024-2025- жылдарга бюджетинин долбоорун бекитүү жөнүндө.**

Ырдык айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023- жылга жергиликтүү бюджетин бекитүү, 2024 -2025-жыдарга бюджеттин долбоорун бекитүү ,жана 2022- жылдын бюджетинин аткарылышы жөнүндө бюджет-финансы жана экономика боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Э.А. Белековдун билдирүүсүн, жана финансы- экономика бөлүмүнүн башчысы С.А. Керималиеванын кошумча билдирүүсүн угуп жана талкуулап Ырдык айылдык кенешинин XXVIII чакырылыштын кезектеги 1 сессиясы **т о к т о м к ы л а т:**

1.Ырдык айыл өкмөтүнүн 2022- жылга жергиликтүү бюджетинин аткарылышы жөнүндө айыл өкмөттүн отчету эске алынсын жана жергиликтүү бюджеттин аткарылышы кирешелер боюнча 37874000 сом өлчөмүндө, чыгымдар боюнча 31621257 сом өлчөмүндө бекитилсин.
2. Жергиликтүү бюджеттин 2023-жылга келип түшүүчү кирешелердин көлөмү 39124800 сом өлчөмүндө № 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Жергиликтүү бюджеттен 2023- жылга каржануучу чыгымдардын көлөмү №2 тиркемеге ылайык 39124800 сом өлчөмүндө белгиленсин.
4. 2024-жылдын бюджетинин долбоору 39627400 сом өлчөмүндө №-3-тиркемеге ылайык болжолдонсун.
5.2025- жылдын бюджетинин долбоору 40487000 сом өлчөмүндө №-4- тиркемеге ылайык болжолдонсун.
6.Айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлеринин 21 штат бирдиги 573970 сом айлык фонду менен бекитилсин.
7.Китепкана кызматкерлерине айыл өкмөт боюнча 5 штаттык бирдик 90393 сом айлык фонду менен бекитилсин.
8. Айылдык клубдарга айыл өкмөт боюнча 11 штаттык бирдик 130099 сом айлык фондусу менен бекитилсин
9. Айыл өкмөтүнүн бюджетинде каралган кирешелердин жана жыл ичинде болуучу чыгашалардын иш- чаралары толук өз багытында айыл кенешинин токтомунун негизинде үзгүлтүксүз түрдө ишке ашыруу айыл өкмөтүнүн финансы –экономика бөлүмүнүн башчысына милдеттендирилсин.
10. Айыл өкмөт башчысынын резервдик фонду 250 мин сом өлчөмүндө бекитилсин жана толук өз багытында жумшалсын.
11.Жергиликтүү бюджет боюнча кассалык накталай акча каражаты 500000 сом өлчөмүндө чектелсин.
12. " Бал таттуу" бала бакчасындагы тарбияланып жаткан балдардын ата-энелеринен чогултулган акча каражаты 1180800 сом өлчөмүндө атайын эсептин киреше бөлүгү катары бекитилсин.